**БЕКИТЕМ**
**И.Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институтунун директору**
**_______________ У.Э. Курманов**
**«___» _______________ 2026-ж.**

# И. Абдраимов атындагы кыргыз авиациялык институтунун орто кесиптик билим берүү бөлүмүнө (ОКБББ) 2026–2027-окуу жылына КАБЫЛ АЛУУ ТАРТИБИ

Бул Тартип Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июгундагы №329 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү уюму тууралуу Жобого, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 10-апрелиндеги №240 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү уюмдарына кабыл алуу тартибине ылайык иштелип чыккан.

## 1. Жалпы жоболор

1. Бул кабыл алуу эрежелери И. Абдраимов атындагы Кыргыз авиациялык институтунун орто кесиптик билим берүү бөлүмүнө (мындан ары – Авиаинституттун ОКББ бөлүмү) кабыл алууну жөнгө салат.

Авиаинституттун ОКББ бөлүмүнө Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу же убактылуу жашаган, негизги жалпы билими, жалпы орто билими же болбосо кесиптик башталгыч билими бар Кыргыз Республикасынын жарандары, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар кабыл алынат.

Тиешелүү адистиктердин тездетилген программалары боюнча окууга тиешелүү профилдеги кесиптик башталгыч билими жөнүндө диплому бар жарандар кабыл алынат.

2. Кыргыз Республикасынын жарандары мамлекеттик билим берүү стандарттарынын чегинде кесиптик орто билим алуу үчүн конкурстук негизде, эгерде алар бул деңгээлдеги билимди биринчи жолу алып жатса, мамлекеттик билим берүү грантына талапкер болууга укуктуу.

3. Чет өлкөлүк жарандар Кыргыз Республикасы катышуучу болуп эсептелген, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык мамлекеттик билим берүү грантын алууга талапкер боло алат.

4. Авиаинституттун ОКББ бөлүмүнө кабыл алууда Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана эл аралык келишимдер менен бекитилген жарандардын билим алууга болгон укуктары камсыздалат.

5. Билим берүү уюмдарына кабыл алуу конкурстук негизде жүзөгө ашырылат. Билим берүү уюмдарына окуунун бардык формаларына тапшырууда башкы критерийлер болуп абитуриенттин билим деңгээли жана кесиптик орто билим берүүнүн билим берүү программаларын өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүгү саналат.

6. Адистиктер боюнча мамлекеттик билим берүү гранттарынын эсебинен билим берүү уюмдарына кабыл алуу планы жыл сайын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

7. Окуунун наркын төлөө менен келишимдер боюнча орундарга адистиктер боюнча кабыл алуу планы кабыл алуу жарыялангана чейин билим берүү уюмдары тарабынан өз алдынча бекитилет.

8. Билим берүү уюмдарына башка мамлекеттердин жарандарын кабыл алуу Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин, ошондой эле билим берүү уюмдарынын ортосунда же айрым жарандар менен түзүлгөн келишимдердин негизинде жүзөгө ашырылат.

## 2. Кабыл алууну уюштуруу

9. Авиаинститутта кабыл алууну уюштуруу үчүн кабыл алуу комиссиясы түзүлөт, төрагасы болуп директор саналат.

10. Кабыл алуу комиссиясынын курамы, ыйгарым укуктары жана иш тартиби Авиаинституттун директору тарабынан бекитилген жобо менен аныкталат. Кабыл алуу комиссиясынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү бир жылды түзөт.

11. Кабыл алуу комиссиясынын төрагасы:

- жарандардын билим берүү чөйрөсүндөгү укуктарын сактоону камсыз кылат;
- билим берүү уюмуна кабыл алуу эрежелерин бекитет;
- кабыл алуу, экзамендик жана апелляциялык комиссиялардын мүчөлөрүнүн милдеттерин аныктайт;
- кабыл алуу, экзамендик жана апелляциялык комиссиялар жөнүндө жоболорду, ошондой эле жарандарды кабыл алуу графигин бекитет;
- кабыл алуу, экзамендик жана апелляциялык комиссиялардын ишинин айкындыгын жана ачыктыгын камсыз кылат;
- абитуриенттердин билим деңгээлин жана жөндөмдүүлүгүн баалоонун объективдүүлүгүн камсыз кылат;

- кабыл алуу планын аткаруу, лицензиялык талаптарды сактоо, ошондой эле билим берүү уюмдарына кабыл алууну жөнгө салган ченемдик укуктук актылардын талаптарын аткаруу үчүн жоопкерчилик тартат.

12. Кабыл алуу комиссиясынын ишин жана иш кагаздарын жүргүзүүнү, ошондой эле абитуриенттерди жана алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жеке кабыл алууну жооптуу катчы уюштурат, ал Авиаинституттун жетекчиси тарабынан дайындалат.

13. Авиаинститут жыл сайын кабыл алуу эрежелерин иштеп чыгат жана бекитет.

14. Абитуриент жана анын ата-энелери (мыйзамдуу өкүлдөрү) билим берүү уюмунун уставы, билим берүү ишин жүзөгө ашырууга лицензиясы, аккредитациялоо сертификаттары, билим берүү уюмуна кабыл алуу эрежелери, ошондой эле кирүү сыноолорунун программалары жана кабыл алууга байланышкан башка зарыл болгон маалымат менен таанышууга укуктуу.

15. Окуунун наркын төлөө менен келишим боюнча орундарга кабыл алууда кабыл алуу комиссиясы абитуриентти жана анын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) тараптардын эрежелери жана милдеттери, окуу үчүн акынын өлчөмү жана төлөө тартиби, төлөө боюнча жеңилдиктерди берүү мүмкүнчүлүгү менен тааныштырууга милдеттүү.

16. Абитуриентти жана анын ата-энесин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) жогоруда көрсөтүлгөн маалымат менен тааныштыруу үчүн Авиаинститут абитуриенттерди кабыл алууга тиешелүү документтерди өзүнүн расмий сайтына жайгаштырууга жана (же) маалыматтык стенддерди даярдоого милдеттүү.

17. Кабыл алуу тартиби, кабыл алуу комиссиясынын чечими, кирүү сыноолорун өткөрүү графиги жана кабыл алуунун жыйынтыктары абитуриенттерге өз убагында билдирилүүгө тийиш.

## 3. Документтерди кабыл алуу

18. Окуунун бардык формаларына билим берүү уюмуна кабыл алуу жөнүндө арыз берүү автоматташтырылган маалыматтык система (мындан ары - АМС) - ыйгарым укуктуу орган тарабынан түзүлгөн каттоо жана кабыл алуу үчүн портал аркылуу электрондук түрдө абитуриент тарабынан жүргүзүлөт.

19. Билим берүү уюмуна кабыл алуу жөнүндө арыз берүүдө абитуриент электрондук түрдө төмөнкүдөй документтерди көрсөтөт:

- паспорт же туулгандыгы жөнүндө күбөлүк;

- негизги жалпы билими тууралуу күбөлүк, жалпы орто билими жөнүндө аттестат же болбосо башталгыч орто билими жөнүндө диплом же болбосо билими жөнүндө документтин дубликаты;

- жалпы республикалык тестирлөөнүн сертификаты (жалпы орто билими бар абитуриенттер үчүн);

- аскердик билети же каттоо күбөлүгү;

- 3х4 см өлчөмүндөгү фотосүрөт (6 даана);

. «Учкуч», «Борт коштоочу» адистиктерине тапшыруучулар Кыргыз Республикасынын жарандык авиациясынын окуу жайларына тапшыруучулар үчүн белгиленген "Учуу-медициналык кароонун жобосуна" ылайык ВУЭКтен (врачтык-учуу эксперттик комиссиясы) өтүшү керек.

Абитуриент Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жеңилдиктерге ээ болсо же белгилүү бир адистиктер боюнча чектөөлөр болсо, тиешелүү документтерди кошумча тапшыруусу мүмкүн.

20. Чет өлкөлүк окуу жайларда окуган Кыргыз Республикасынын жарандары жана чет өлкөлүк жарандар кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын негизги жалпы же жалпы орто билими жөнүндө мамлекеттик документине эквиваленттүү билими жөнүндө документти берүүгө тийиш.

21. Чет өлкөлүк окуу жайлары тарабынан берилген билими жөнүндө документтерге экспертиза (нострификация) ыйгарым укуктуу орган тарабынан жүргүзүлөт.

22. Билим берүү уюмуна окууга кабыл алынган абитуриенттер кабыл алуу комиссиясына көрсөтүлгөн документтердин түп нускаларын берет.

23. Окуунун түрдүү формаларына, мамлекеттик билим берүү гранттарынын (мындан ары - гранттык орундар) эсебинен орундарга жана окуунун наркын төлөө менен келишим боюнча орундарга абитуриенттерден келип түшкөн арыздар өзүнчө катталат жана эсепке алынат.

24. Авиаинститутта абитуриенттерди кабыл алуу бир нече тур менен өткөрүлөт. Ар бир турда абитуриент АМС аркылуу гранттык орунга конкурска катышуу үчүн бир өтүнмөнү жана окуунун наркын төлөө менен келишим боюнча орунга бир өтүнмө берүүгө укуктуу. Тандоо жана кабыл алуу конкурсуна катышуу үчүн абитуриент аралыктан режиминде өз алдынча же болбосо АМС аркылуу билим берүү уюмунун кабыл алуу комиссиясы аркылуу өтүнмө бере алат.

25. АМС аркылуу электрондук түрдө документтерди кабыл алуу жана каттоо учурдагы жылдын 1-июлунан тартып 27-августуна чейин ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген графикке ылайык жүргүзүлөт.

## 4. Абитуриенттерди кабыл алуу

26. Мамлекеттик билим берүү гранттык орундарына жана окутуу акысын төлөө келишими боюнча орундарга абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүктүн орточо баасынын же жалпы орто билими жөнүндө аттестаттын (мындан ары - орточо баа) жана (же) кирүү сынактарынын жыйынтыктарынын негизинде жүзөгө ашырылат.

27. Адистиктер боюнча конкурс конкреттүү адистик боюнча окутуу үчүн зарыл болгон профилдик предметтер боюнча бааларды эске алуу менен орточо баанын негизинде жүзөгө ашырылат. Авиаинститутта профилдик предмет катары баардык кесипчилик үчүн математика эсептелинет.

28. Конкреттүү адистик боюнча окутуу үчүн зарыл болгон профилдик предметтер боюнча орточо бааны жана бааларды аныктоонун тартиби ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталат.

29. Эгерде бир орунга конкреттүү адистик боюнча окутуу үчүн зарыл болгон профилдик предметтер боюнча бирдей орточо баасы жана бирдей баалары бар абитуриенттер талапкер болсо, билим берүү уюмунун кабыл алуу комиссиясы алар үчүн кирүү сынактарын өткөрөт. Бирдей упай топтогон абитуриенттер математика жана кыргыз (орус) тили боюнча кирүү сынактарын (экзамендерин) тапшырат

Кирүү сынктары (экзамендери) негизги жалпы билим берүүнүн жана жалпы орто билим берүүнүн окуу программалары боюнча жүргүзүлөт.

30. Абитуриенттерди кабыл алууга конкурс ыйгарым укуктуу орган тарабынан бекитилген абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу этаптарын өткөрүү графигине жана тартибине ылайык АМС аркылуу гана өткөрүлөт.

31. Жалпы орто билими бар абитуриенттерди мамлекеттик билим берүү гранттык орундарына жана окутуу наркын төлөө келишими боюнча орундарга тандоо жана билим берүү уюмдарына кабыл алуу учурдагы жылдын жалпы республикалык тестирлөөсүнүн (мындан ары - ЖРТ) натыйжаларынын негизинде жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Босого балл топтогон жана эң көп балл топтогон абитуриенттер кабыл алынууга тийиш. Абитуриент мөөнөттүү аскер кызматын өтөгөнгө чейин тапшырган ЖРТнын жыйынтыктары үч жылдын ичинде жарактуу. ЖРТнын босого баллына ээ болгон жана конкурстан өткөн адамдар менчигинин түрүнө карабастан билим берүү уюмдарында окуу үчүн мамлекеттик билим берүү грантын алууга укуктуу.

Каттоо мөөнөтү аяктагандан кийин Авиаинституттун кабыл алуу комиссиясы окууга сунушталган абитуриенттердин тизмесин түзөт. Жалпы упайы эң жогору болгон абитуриенттер окууга сунушталат.

32. Окууга сунушталган абитуриент 3 күндүн ичинде Авиаинституттун ОКБББүнө окууга болгон каалоосун окуу келишимине кол коюу тастыкташы керек.

33. Контракттык негизде окууга сунушталган абитуриенттер 3 күндүн ичинде окуу акысынын 50% кем эмесин төлөө сунушталат.

34. Эгерде окууга сунушталган абитуриент 3 күндүн ичинде Авиаинституттун ОКБББүнө окууга болгон каалоосун ырастабаса, анын орду автоматтык түрдө бош орун деп эсептелет жана кийинки турда ал орунга конкурс жарыяланат.

35. ЖРТнын жыйынтыктары боюнча абитуриенттерди тандоо жана кабыл алуу билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык жүзөгө ашырылат.

## 5. Кирүү сыноолорун өткөрүүнүн жалпы эрежелери

36. Кирүү сыноолору бланктык же компьютердик тестирлөө, оозеки же жазуу жүзүндөгү экзамен, угуу, көрүү, аңгемелешүү формасында өткөрүлөт.

37. Тесттик тапшырмалар, оозеки экзамендер үчүн билеттер жана жазуу жүзүндөгү экзамендер үчүн тапшырмалар негизги жалпы же жалпы орто билим берүү программаларына шайкеш келиши керек.

38. Абитуриенттер кирүү сыноолорун мамлекеттик же расмий тилде тапшырууну тандоого укуктуу.

39. Адистиктер боюнча кирүү сыноолору негизги жалпы же орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программаларына ылайык өткөрүлөт.

40. Кирүү сыноолоруна жүйөлүү себепсиз келбеген же канааттандырарлык эмес баа алган адамдар Авиаинститутка кирүү үчүн конкурстан чыгып калышат.

41. Билим берүү уюмуна киргизилген абитуриенттердин жазуу иштери алардын өздүк делолоруна коктөлөт же болбосо электрондук форматта студенттердин маалымат базасына киргизилет. Билим берүү уюмуна киргизилбеген абитуриенттердин жазуу иштери алты ай бою сакталат, андан кийин белгиленген тартипте жок кылынууга тийиш.

42. Абитуриенттердин билим деңгээлин баалоодо бирдиктүү талаптардын сакталышын камсыз кылуу, алардын укуктарын коргоо, талаш маселелерди чечүү максатында билим берүү уюмунда апелляциялык комиссия түзүлөт.

43. Абитуриенттердин апелляция жөнүндө арыздары кирүү сыноолорунун жыйынтыктары жарыяланган күндөн тартып бир сутканын

ичинде берилет жана апелляциялык комиссия тарабынан арыз ээсинин катышуусу менен бир жумуш күндүн ичинде каралат.

44. Апелляцияны кароо кайра экзамен эмес. Апелляцияны кароонун жүрүшүндө кирүү сынагын тапшыруунун натыйжасына баа берүүнүн тууралыгы гана текшерилет.

45. Кирүү сыноолорун кайра тапшырууга жол берилбейт.

## 6. Кабыл алуу

46. Абитуриенттерди билим берүү уюмунун студенттеринин катарына окуунун бардык формаларына кабыл алуу билими тууралуу документи же болбосо анын дубликаты болгон учурда жүргүзүлөт. Документтин милдеттүү реквизиттерин (билим берүү уюмунун толук аталышы жана жайгашкан жери, абитуриенттин фамилиясы, аты, атасынын аты, идентификациялык жеке номери, QR-коддун дареги, жетишүүсү тууралуу маалыматтар) камтыган билими жөнүндө электрондук персонификацияланган документти берүүгө жол берилет.

47. Абитуриенттерди студенттердин катарына кабыл алууга төмөнкү документтерди электрондук түрдө АМСке тапшыргандан кийин жол берилет:

- паспорт же туулгандыгы тууралуу күбөлүк;
- ЖРТ сертификаты (жалпы орто билими бар абитуриенттер үчүн);
- жалпы орто билими жөнүндө аттестат, негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүк, кесиптик башталгыч билими жөнүндө диплом же болбосо анын дубликаты;
- аскердик билети же каттоо күбөлүгү.

48. Абитуриент документтердин түп нускаларын жана тиешелүү санда фотосүрөттөрдү билим берүү уюмунун кабыл алуу комиссиясына учурдагы жылдын 30-августуна чейин берүүгө милдеттүү.

Чет өлкөлүк жарандар ушул пунктта көрсөтүлгөн документтерден тышкары кабыл алууда милдеттүү медициналык камсыздандыруу полисин берүүгө милдеттүү.

49. Кабыл алуу учурдагы жылдын 30-августуна чейин жүргүзүлөт.

50. Абитуриенттердин төмөнкү категориялары ырастоочу документтери бар болсо, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан жыл сайын бекитилүүчү мамлекеттик билим берүү гранттык орундарынын квотасынын чегинде конкурстун негизинде билим берүү уюмдарына окууга кабыл алынат:

- I, II топтогу майыптыгы бар адамдар;
- жеңилдиктер жана кепилдиктер боюнча согуштун катышуучуларына жана майыптарына теңештирилген адамдар;

- бала кезинен майыптыгы бар адамдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген балдар (майыптыгы бар балдар);

- айылдык жаштар;

- жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар;

- Кыргыз Республикасынын жараны болуп эсептелбеген кыргыз улутундагы адамдар;

- Жалал-Абад облусунун Аксы районунда 2002-жылдын 17-18-мартында, Талас облусунда 2010-жылдын 6-апрелинде, Бишкек жана Нарын шаарларында 2010-жылдын 7-апрелинде, Жалал-Абад облусунда 2010-жылдын 13, 14, 19-майында болгон окуялардын кесепетинен жана Ош шаарында, Ош жана Жалал-Абад облустарында 2010-жылдын июнь окуяларында курман болгон адамдардын балдары;

- 2021-жылдын апрелинде Баткен облусунда жана 2022-жылдын сентябрында Баткен жана Ош облустарында болгон окуялардын кесепетинен каза болгон адамдардын балдары;

- кайрылман статусуна ээ болгон адамдар;

- окуу формасын тандап алууга укуктуу "Акылман" президенттик лицейинин бүтүрүүчүлөрү.

Билим берүү уюмунун кабыл алуу комиссиясы конкурстук негизде абитуриенттердин жеке арыздарынын негизинде адистиктер боюнча квоталарды бөлүштүрөт. Арыз билим берүү уюмуна мамлекеттик билим берүү гранттык орундары бөлүнгөн адистик боюнча конкурска катышуу үчүн берилиши мүмкүн. Ушул пунктта көрсөтүлгөн адамдардын категориялары үчүн арналган квоталар толук талап кылынбаган учурда пайдаланылбаган орундар кабыл алуу комиссиясынын чечими боюнча конкурска катышкан башка абитуриенттердин арасында жалпы негизде бөлүштүрүлөт.

51. Кирүү сыноолорунун жыйынтыктары боюнча оң баа алганда же ЖРТ баллы белгиленген босоголук баллга барабар же андан жогору болгондо эл аралык жана республикалык олимпиадалардын байге ээлери (учурдагы жылы 1-3-орундарды ээлегендер) тандаган билим берүү уюмундагы олимпиада предмети профилдик болуп саналган адистиктерге конкурстан тышкары мамлекеттик билим берүү гранттык орундарына кабыл алынат.

52. Кирүү сыноолорунун жыйынтыктары боюнча оң баа алганда же ЖРТ баллы белгиленген босоголук баллга барабар же андан жогору болгондо конкурстан тышкары келишим боюнча орундарга окуунун наркын төлөө менен төмөнкүлөр кабыл алынат:

- тоголок жетим балдар жана ата-энесинин камкордугусуз калган балдар (учурдагы жылдын 1-октябрына карата 18 жашка толгонго чейин);

- медициналык-социалдык экспертизанын корутундусу боюнча кесиптик окуу жайында тандап алган даярдоо багыты жана адистиги боюнча окууга каршы көрсөткүчү жок болгон I, II топтогу майыптыгы бар адамдар, майыптыгы бар балдар;

- тандап алган билим берүү уюмундагы олимпиада предмети профилдик болуп саналган адистиктерде эл аралык жана республикалык олимпиадалардын байге ээлери (учурдагы жылы 1-3-орундарды ээлегендер).

53. "Спорт чеберине талапкер" спорттук разряды бар, "Кыргыз Республикасынын спорт чебери" жана "Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спорт чебери" спорттук наамы бар спортчулар, ошондой эле мөөнөттүү аскердик кызмат өтөгөн адамдар мамлекеттик билим берүү уюмдарына мамлекеттик билим берүү гранттык орундарына жана окуунун наркын төлөө менен келишим боюнча орундарга тапшырууда артыкчылыктуу укукка ээ болот.

54. ЖРТнын жана (же) кирүү сыноолорунда алган баллдын санын көрсөтүү менен конкурстун жыйынтыгы боюнча кабыл алынгандыгы жөнүндө буйрук (буйруктар) билим берүү уюмунун сайтында жарыяланат же башка ыкма менен абитуриентке маалымдалат.

55. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан көзөмөл тартибинде жүргүзүлгөн текшерүүдө конкурсту өткөрүү тартибин бузуу жана абитуриентти мыйзамсыз кабыл алуу фактылары аныкталган учурда, анын ичинде ЖРТ жыйынтыктары жөнүндө өзү берген анык эмес маалыматтардын негизинде студент белгиленген тартипте окуудан чыгарылууга тийиш.

## 7.Маалымат берүү жана контролдоо

56. Билим берүү уюмдары ыйгарым укуктуу органга кабыл алуу жөнүндө жыйынтыктоочу маалыматтарды төмөнкү мөөнөттөрдө берет:

- гранттык негизде окууга - учурдагы жылдын 1-сентябрына чейин;

- окуунун наркын төлөө менен келишим боюнча орундарга окууга - учурдагы жылдын 15-октябрына чейин.

57. 52. Билим берүү уюмдарынын кабыл алуу комиссияларынын ишин контролдоо ыйгарым укуктуу орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

**Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы** **А. Сапарбекова**